DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020

*Жунусалиева К.Т., Жоробекова Б.С., Алымкулова К.К.*

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ КААРМАНДАРДЫН КҮРӨШЧҮЛ ОБРАЗЫНЫН СҮРӨТТӨЛҮШҮНҮН КӨРКӨМ ИЛИКТЕНИШИ

*Жунусалиева К.Т., Жоробекова Б.С., Алымкулова К.К.*

# ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ПРОРАБОТКА ИЗОБРАЖЕНИЯ БОЕВОГО ОБРАЗА ПЕРСОНАЖЕЙ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВА

*K.T. Zhunusalieva, B.S. Zhorobekova, K.K. Alymkulova*

# ARTISTIC PRODUCTION OF IMAGES OF COMBAT CHARACTERS IN THE WORKS OF CHYNGYZ AITMATOV

*УДК: 894.341-09 (043.3)*

*Чыңгыз Айтматовдун ысымын дүйнөгө тааныткан анын уникалдуу, кайталангыс чыгармалары. Көркөм, ажайып, кылымдарга калтырган мурастары жазуучунун экинчи өмүрүнүн барактарында көпкө жашайт. Андагы ойго бүлүк салган көркөм образдарынын көбү сүрөткердин өмүрүнөн жаралган. Мына ошол каармандары менен келечек ээлерине, сага, мага үн берет. Гумандуулукка, адептүүлүккө, адеп-ахлакка, элдик искусствону сүйүүгө, кабылдоого, алдыңкы өнөр-билимге, рухий дөөлөттөргө, мурастарга жетүүгө үндөйт. Коомдогу инсандык сапаттарга ээ болуу менен эң негизгиси Адам болуусу үчүн сезимин ойготот. Айтматовдун өзү да, каармандары да жеке адамдын "жак дүйнөсү" деген жалпы адамзаттык асыл дөөлөттү, арыбас максат-мүдөөнү көздөп, ар бир окурманды ак ниет, чынчыл, чечкиндүү болууга үндөп, жандуу жашоого шыктандырып турат. Макалада жазуучунун кайсы гана чыгармасын албайлы, андагы адам тагдыры маселеси курч коюлгандыгын жана чыгармаларындагы каармандардын күрөшчүл образдарын ачып берүү аркылуу көркөм иликтенет.*

***Негизги сөздөр:*** *чыгарма, каарман, көркөм образ, инсан, искусство, рухий дөөлөттөр, мурас.*

*Имя Чынгыз Айтматова стал известным по всему миру благодаря его уникальным, неповторимым произведениям. Выразительные, удивительные наследия открыли Чынгыз Айтматову вторую страницу жизни. Большинство герои автора были взяты из его личной жизни. Писатель с помощью этих персонажей призывает будущему поколению, тебе, мне к гуманизму, порядочности, к любви и восприятию народного искусства, достичь передовое образование. Он бориться за духовное наследие и за духовное богаство будущего. И при этом призывает оставаться духовно богатым человеком. Чынгыз Айтматов, и его герои вдохновляют каждого читателя быть искренним, честным и быть целеустремленным, преследовать универсальную цель другим личностям. В статье исследуется страхи перед любой авторской работой,раскрывается,что проблема человеческой судьбы стоит остро и выявляются воинственные образы персонажей в его произведениях.*

***Ключевые слова****: произведение, страница жизни, персонаж, будущее, искусство, духовное богатство, духовное наследие.*

*The name of Chyngyz Aitmatov became famous around the world thanks to his unique, inimitable works. Expressive, amazing heritage opened Ch. Aitmatova second page of life. Most of the author's heroes were taken from his personal life. The writer with the help of these characters calls on the future generation, you, me, to humanism, decency, to love and perception of folk art, to achieve advanced education. He fight for the spiritual heritage and for the spiritual wealth of the future. And at the same time he urges to remain a spiritually rich Man. Ch. Aitmatov and his characters inspire every reader to be sincere, honest and purposeful, to pursue a universal goal for other individuals. The article explores the fears of any authors work, revealing that the issue of human destiny is acute and reveals the militant images of the characters in his works*

***Key words:*** *work, page of life, character, future, art, spiritual wealth, spiritual heritage.*

Элибиздин таланттуу уулу, Кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун ысымын дүйнөгө тааныткан анын чыгармалары. Мекенибиздин даңкын алыска жеткирип, кыргыз кереметин жараткан залкар. Көп кырдуу, өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүк менен идеялык-эстетикалык көркөм дүйнөсүн чагылдырган чыгармалары өзгөчө касиеттүү. Жазуучунун кылымдарга мурас катары калган баалуу, нарктуу, көркөм ажайып мындай чыгармалары менен экинчи өмүрдүн барагында да көпкө жашаары анык. Анын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



чыгармаларынан жан дүйнөбүзгө бүлүк салган ой-кырларга, чиеленишкен ойго туш болосуң. Бир эсе рахат тартууласа, бир эсе каармандар менен түйшүк тартып, жалпы адамзаттык проблемаларды кезиктиресиң. "Ч.Айтматовдун чыгармалары-адамдын өтмүшү, бүгүнкү абалы жана келечек турмушу тууралуу ой калчаган чыгармалардан. Ар бир урпак жазуучунун чыгармаларынан өзүнүн жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген суроолоруна жооп табат" [1].

Ооба, анын бардык тематикадагы чыгармалары кандайдыр бир убакытта гана окуп, таанууга эмес, улам окуган сайын жаңы өңүттөн көрүнөөрүнө таң бересиң.

Ч.Айтматовдун чыгармачылык ишине кызыккан изилдөөчүлөр, адабиятчы, сынчылар аны ар тараптан изилдеп келишүүдө. Мунун натыйжасында Айтматов таануу илими да пайда болду. Жазуучунун чыгармачылык ишине арналган ар кандай илимий конференциялар, кандидаттык, докторлук диссертацияларга чейин жакталып изилденип жатат.

Ч.Айтматовдун чыгармаларында улуу кыргыз элинин тарыхы, философиялык нарк-насили реалдуу сүрөттөөнүн очогунан жаралган. Ал СССР жазуучулар союзунун V съездинде сүйлөгөн сөзүндө жалпы жазуучулардын чыгармачылыгы тууралсында минтип айткан: "...баарыдан мурун адамдардын тагдырларын, ишин, турмушун ал окуган окуучунун ой толгоолорунун, ички санаркоолорунун предмети боло алгыдай деңгээлде жана татаал диапазондо болушу. Ошол таасирдин күчү, андагы сонун идеалдардын салтанаты үчүн ар кандай запкылардан, кайгы-муңдардан , ал эмес өлүмдөн да кайра тартпаган берилгендик, шыктануу, эргүү, толкундоо менен аныкталат". Демек, "эгер китеп өзүн окуп жаткан окуучунун акыл-эсин, уятын, намысын козгоп, анын жүрөгүн турмуштагы эң эле адам жийиркенерлик булганыч, ыплас нерселерди көрсөтүү менен, же тескерисинче, тазалыктын, сулуулуктун жана улуулуктун картиналары менен титиретип, аны өзүнө багындыра алса, биз муну искусствонун күчү дейбиз" [2]. Ошондой "искусствонун күчүнө" залкар жазуучунун чыгармалары да эч калетсиз ээ дей алабыз. Анын өзүнө гана тиешелүү өзүнчөлүгү менен тамшандырган ажайып чыгармалары окурмандардын ой толгоолорунун, ички санаркоолорунун предмети катары боло алгандыгы анын ошончо дүйнө тааанымы, турмушка болгон философиялык ой жүгүртүүсүнүн бийик экенинин далили. Чыгармадагы каармандар, түзүлгөн окуялар, жазуучунун жеке турмушунан алынып, чыгарманын сюжеттик өзөгүн түзүп, көркөм толгонуунун обьектисине айланганына күбөбүз. Балалык кездеги татаал тагдыры болочок сүрөткер-жазуучунун адабий чыгармачылыгына өрүш алуусуна, чыйыр салуусуна, көркөмдүк ойлонуусуна байланыштуу. "Сүрөткерлик турнабайы" менен чыгармаларындагы кайталангыс каармандарды жаратууга, түзүүгө түрткү болгон.

Жазуучунун өмүр жолу оор тагдырдын элестери коштолот. Жашынан атасынан ажырашы, согуштун илеби, айылдагы жоопкерчиликтүү иштерди аткаргандыгы. Мунун баары келип болочок жазуучунун "доордун күзгүсү" катары чыгармаларына аралаштырып, жандуу образдар аркылуу жандандырып бериши уникалдуулук. Ошентип, кыргыз адабиятында Жамыйла, Толгонай, Султанмурат, Сейде, Данияр, Танабай, Алтынай, Толгонай сыяктуу ысымдар пайда болду.

Жамыйла – кайраттуу, шамдагай, эркекке таандык мүнөздүү, кыргыз айылынын кызы, келини;

Бала – жүрөгүндө арамдыгы жок, сезимтал, күнөөсүз наристе; Султанмурат – балдардын эң үлгүлүүсү, чыдамкай, тырышчаак өспүрүм;

Алтынай – чыныгы турмушка, адамча өмүр сүрүүгө бет алган каарман;

Толгонай – тылдагы адамдын трагедиясын алып жүргөн, тирилик күчүн уланткан эне... Ар бир образ өзүнчөлүгү менен кайталангыс. Алсак, "Ак кеме" повестинде Баланын образы трагедиялуу болсо да, дүйнөнү таза кыял, сулуулукка суктануу менен, баёо сезимдери менен кабыл алуу аркылуу берилет. "Жайынча баратса ар жерге бир токтоп, чөп болсо сыдырып, таш болсо сылап, сүйлөшүп өтмөк. Азыр ал достору таарынат экен деп ойлободу. "Машине – дүкөн келатат. Сага – анан келем" – деп өттү чөгүп жаткан "Төө Ташка". Жонун эңилчек басып, белчесинен жерге батып, чөккөн төөгө окшош ташты Төө Таш деп атап алган бала. Баланын ат койбогон ташы жок" [3]. Мына балалык кыялдын алгачкы биз менен таанышуусу.

"Жаныбарым Гүлсары" повестинде болсо, башкы каарман Танабайдын коллективдештирүү жылдарындагы коомдук чарбаны өнүктүрүүгө катышкан өмүрү аркылуу берилет. "Эртең малчылардын кеңешмесине барабыз. Мал чарбачылыгы, анын ичинде кой чарбачылыгынын абалы начар. Асыресе, биздин колхоздо өтө начар. Арга түгөнүп турган чак. Коммунисттер менен комсомолдор койго барсын деп, райком үндөө кабыл алды. Куткар. Баягы жылы жылкыга барып, мени бир кыйынчылыктан куткардың эле. Бу жолу да куткарбасаң болбой калды. Отор алып чабандыкка өт" [4]. Ошентип Чоро досунун суранычы менен Танабай "Ак-Таш" колхозуна чабандыкка кирген эле. Кайраттуу, эрктүү Танабай партиялык жетекчиликтеги ар кандай карама-каршылыктарга туш болсо

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



да, түпкү эрки менен жашаган каарманды көрөбүз.

Ал эми "Эрте жаздагы турналар" повестинде өлүмдөн да кайра тартпаган балалыктын кайраттуулугунан жаралган, тылдагы оор түйшүктү колго алган, жаш өспүрүмдүн образы аркылуу сүрөттөлүштүн сюжеттери көз алдыбыздан өтөт. "Келген жөнүм мындай, - деп баштады Тыналиев кадала тиктеген балдарды кыдырата карап, кыйраңын сездирбешке боюн түз кармап. Эки жүз гектар кемчилигибизди жаздык менен жабышыбыз керек. Согушта кыңк этпестен аткарар иш. Демек өз күчүбүз менен пландан ашык эки жүз гектар жаздык айдашыбыз керек. Эки жүз гектар! Буга күчтү кайдан алмакпыз, кимге таянмакбыз? Жарамдуу эл жок. Ойлоп-ойлоп отуруп. Акыры окуучу балдар, силерден жардам сурайлы дедик..." [5].

Ошентип согуштун кесепетинен таттуу балалык күндөр арта калат. Доордун доошун, адамзаттын башына келген мүшкүл согуш апаатын көтөргөн Толгонайдын образы "Саманчынын жолу" повестинде баяндалат. "Касым мени көздөй утурлап, боюмду тосуп калды да: "апа, согуш чыкты!" - деди Касым. Эмне үчүн согуш? Кантип согуш? – бул суук кабардын артында эмнелер жатканда дале аң-сезимиме жете бербегендей, "согуш, согуш дейсиңби" – деп шыбырап жатып, жанатан берки жүрөгүмө камалган коркунучка демим кыстыгып, ыйлап жибердим. Мени көрүп башка аялдар да чуулдап коё беришти" [6].

Чыгармада кандай гана күнгө туш болбосун, Толгонай, эл мындай согуштук кырдаалда баатырча сүрөттөлөт. Согушка бет келүү, согуш учурундагы тылдагы карапайым калк, анын ичинде жаш бала, аялдын баатырдыктары, токтоолук, сарамжалдуулук, эне болуу, сүйүү, таттуу балалык сезимдер, милдеттенме, атасыз калуу, эртеңки келечекке ишеним артуу сыяктуу түшүнүктөр жазуучунун керт башынан өткөргөн күндөрүнөн элес берет. "Ч.Айтматовдун чыгармаларында сүрөттөлгөн турмуш- жазуучунун жеке өзүнүн башынан өткөн, өз айылындагы өзү көргөн, өзү жакшы билген адамдар, окуялар анын алгачкылары 50-60-жылдардагы чыгармаларында кеңири колдонулгандыгын жазуучунун өмүр таржымалы жана эскерүү, интервьюлары менен терең тааныш окуучу илгеритпей эле байкаса болот. Өзгөчө, балалыгы, өспүрүм курагы өткөн Таластагы Шекер айылы Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы үчүн маанилүү аймак болгон. Бул туурасында жазуучунун "финансистердин тили менен айтканда, Шекер-менин негизги капиталым, а калган нерселердин бардыгы каражаттар менин ишимде бара-бара үстөмдүк кылышы ыктымал" – деп айтканын эске алышыбыз керек [7].

Мына ошол балалык күндөр жазуучу үчүн ак-караны ажырата билүүсүнө, рух дүйнөсүнүн калыптануусуна, анан калса эң башкысы, сүрөткердин адамтаануу илимин өздөштүргөнүндө, - дейт филология илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык коомдук Айтматов академиясынын академиги Л.Үкүбаева [8].

Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет? – деп элде таамай айтылгандай үй-бүлө мектебинин кандай курулганына, кандай шартта тарбия беринде эмеспи. Калкыбызда элдик оозеки чыгармаларынан тартып, акын-жазуучулардын чыгармалары жаш муундарга үлгү боло алууга, журум-турумунун, ишаракетинин билимге умтулуусуна, сырткы жана ички келбетинин тазалыгына, жөндөмдүүлүгүнө, мүмкүнчүлүктөрүнүн калыптандыруусуна, жеңишке ээ болуусуна өбөлгө гана болот. Тактап айтканда, жаш муундун акыл-эс, эмгек, эстетикалык, адеп-ахлактык, дене тарбиялык тарбияларга ээ болуу менен ойлонууга, бүтүм чыгара алууга, гумандуулукка, адептүүлүккө, патриоттуулукка, мыйзамдуулукка, көңүл буруруга, элестетүүгө, эмгектенүүгө, эмгек менен максаттарга, руханий дөөлөттөргө жетүүгө, элдик искусствону кабылдоого, рахат алууга, алдыңкы өнөр-билимге жетишүүгө жардам берет. Улуу ойчул Платон: "Эгерде алтындан буюм жасап, аны бузуп алса, ал эч нерсе эмес, алтынды кайра ээритип кайра буюм жасаса болот. Ал эми тарбияны туура эмес берсе, бул чоң кылмыш болот" деген экен [9].

Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы күрөшчүл образдын проблемалары эмне? Албетте, рухий бийиктиктерди багынтуу! "Эгер адам материалдык жыргалчылыкка жашоонун эң башкы максаты катары умтулса, буюмдун кулу болуп калса-бул анын дээринин жардылыгы, анын мажирөө, жармач тарта баштаганы. Ошондуктан мен "Эрте жаздагы турналар" повестимде ар кандай учурларда, ал эми катаал кезең, оор сыноолордо ого бетер ажарына чыккан рухий бийик сапат, асыл касиет жөнүндө айткым келген. – Бул эң коркунучтуу кырдаалдарда да адамды бактылуу кылган сапат..." [10].

Мындай өңүттөн караганда Ч.Айтматов өзүнүн чыгармаларына карата окурмандардагы идеалды өрчүтүү, чакмак таштай бекем болуусуна, Султанмураттай кайраттуу, бекем болууга, Толгонайдай көтөрүмдүү, Алтынайдай келечектеги максаттарга бет алууга, трагедиянын аркасындагы аруулукту, сүйүнүчтү, жетишкендикти жеңүүгө чакырат! Ал: "Рухий бийиктиктерди багынтыш үчүн" да баатырдык күчтүү эрк, чыдамкайлык, туруктуулук талап кылынат. Жаш адам өзүндөгү жалкоолук, ыкшоолук сыяктуу сапаттарды

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жоюп, алдына коюлган маселенин көлөмүн, бараанынан коркпой (мажирөөлүк кылбай), кайраттуулук, эрктүүлүк менен кириши абзел", – дейт [11].

Анткени, " жер бетиндеги акыл-эстин туу чокусу адам" дегендей адам гана ушул айтылган сөздөрдү боюна сиңирет, кабылдайт. Адамзат проблемасынын жеңилдешин, жолго түшүшүн каалайт. "Кээ бир учурларда өзүбүз сезип жүргөн, бирок себептерин ачык түшүндүрө албаган канаатанбагандык маанайы, менимче, адамдын өзүмчүлдүгүндө, өз тиричилигинин гана көгөйүн тарткандыгында, өзүнүн жеке социалдык эгоизмин гана камтыган тар кызыкчылыгында болуп жаткан сыяктуу," - дейт [12].

Бир кезде уулу Аскар менен Чыңгыз аба сүйлөшүп отуруп, уулунун теңтуштарынын кимиси өзүн канчалык көрсөтө алганын сураганда, баласы тек гана теңтуштарынын бирөөсү дипломатиялык кызматта, кээси котормочу, кээси журналист, айрымдары гид болуп кетишкенин айткан. Атасы уулунун теңтуштарынын арасынан кимиси лидер болгонун билгиси келгенин айтып, баары тең эле беймарал, жан кыйнабай жашоого топук кылгандарына кейийт да, келечектин алдына проблеманы коёт. "Азыр бизде бар нерселердин бардыгы – бизден мурдакылардын колунан жана биздин колдон бүткөн иштер. Биз ойго келбес көп нерселерди жасадык деп айта албайм, деген менен анча-мынча олжолорубуз да жок эмес. Ал эми артыбыздан кимдер калат? Не деген оор жүктү көтөрүшөөрүн түшүнүшөбү? Мына маселен, Авдий Каллистратов – дал ушул суроого жооп берүүгө жасаган менин далалатым, эгер билгиңиз келсе, бир жагынан ал жаштардын жан-дүйнөсүнөн тилекке каршы көп байкалган жүүнү боштукка, мажестикке каршы ташталган чакырык" [13]. Жазуучунун мындай чакырык таштаган каармандары бардык чыгармаларында кездешет.

Жыйынтыктап айтканда, Ч.Айтматов жаштардын келечегин жаркын ишенимде көрөт. Көркөм чеберчиликтеги башкы нерсе адам руханы тууралуу ой толгойт. Сезимине бүлүк салып ойготот. Доош берет! Адамдын күн сайын адам болуусун каалайт! Өз көкүрөгүн гана тыңшабай, келечекти тыңшайт! Анын өзү дүйнөнүн жаңырыгы... Күрөшчүл жаңырыктын өзү!

"Мени жактобо, апа. Менин артымда туягы калган жок дебе. Дүйнөдө мындан ары согуш болбосо, жаңыдан төрөлгөн баланын ыңалаганы-ошол мен, бутакта көгөргөн жалбырак-ошол мен, талаада өнүп чыккан эгин – ошол мен, мугалимдин балдарга биринчи үйрөткөн "А" тамгасы-ошол мен, ошонун баары мен, ошонун баарын мен, мен деп билип жүргүн, апа!" бул жаңырыктын өзү Чыңгыз абамдын, күрөшчүл адамдын жаңырыгы! [15]

Көз алдыбызга тартылган Толгонай, Едигей, Базарбай, Дүйшөн, Акбара менен Ташчайнар, Сейде, Ильяс, Момун, Орозкул, Жамыйла, Сейит, Майсалбек баары бир добуштан учурдагы эң проблемалуу Адамдын күн сайын адам болуусуна жаңырык берип турган образдардан, башкача айтканда жазуучунун асыл ойлорун, улуу гумандуу идеяларын, ааламдык чакырыктарын ишке ашыруу азыркы күндөгү ар бир адамдын парзы деп эсептейбиз.

**Адабияттар:**


1. Үкүбаева Л. Ч. Айтматов жана азыркы адабий процесс. - Б., 2013. - 23-б.
2. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. - Ф., 1988.
3. Айтматов Ч. Гүлсарат. Повесттер. - Ф., 1978. – 184 б.
4. Айтматов Ч. Гүлсарат. Повесттер. - Ф., 1978. – 100 б.
5. АйтматовЧ. Гүлсарат. Повесттер. - Ф., 1978. - 332 б.
6. Айтматов Ч. Гүлсарат. Повесттер. - Ф., 1978. - 567 б.
7. Үкүбаева Л. Ч. Айтматов жана азыркы адабий процесс. - Б., 2013. - 35
8. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. - Ф., 1988. - 182, 204, 210, 258-беттер.
9. Айтматов Ч. Гүлсарат. Повесттер. - Ф., 1978. - 608 б.